Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясы

**Протокол №22/17**

Жалал-Абад шаары 31.05. 2017-жыл

Жалпы саны: 12 Катышкандар -8

Катышкандар: СДПКнын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү Эрназаров Ж., Султанов Ч. №2097 УШКнын торагасы, тиешелүү мүчөлөрү.

**Кун тартибиндеги каралуучу маселе:**

Аймактык шайлоо комиссиясынын отурумунда каралуучу маселелер:

1. СДПКнын ыйгарым укуктуу өкүлү Эрназаров Жеңиштин №2097 УШКнын добуштарды саноо учурундагы аракетине даттануусу

**Угулду:**

**1-маселе боюнча** төрага Б.Турдубаева –арыздардын мазмуну боюнча тааныштырды. Даттануучу УШКнын мүчөлөрү саноо учурунда жараксыз, жарактуу деп чечим кабыл албаганын айтат. Ошондой эле саноо бүткөндөн кийин СДПК жана "Өнүгүү-Прогресс" партияларынын өкүлөдөрү өздөрүнө бөлүнгөн бюллетендерди карап көрүп, жарактууларынын арасынан квадраттын ичинде "и" жана "к" тамгаларын көрүшкөн. Кээ бир бюллетендерден белги квадраттан чыгып кеткендиги айтышат.

№2097 УШКнын төрагасы **Акматов Кубаныч** төмөндөгүлөрдү билдирди «Жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамынын» 36-беренесинин 7-пунктуна ылайык, №2097 УШКнын мүчөлөрү саноону жүргүзгөн. Ал боюнча чечим кабыл алганбыз. Ал эми 11-беренеге ылайык 69 бюллютендин ичинен 57син партияларга жарактуу деп кошуп берген (актысы тиркелет)

Ошондой эле АСУ көрсөткон жарактуу бюллетендердин саны 1285, жараксыздын саны 69. Жарактуу бюллетендердин ичинен дагы белгиленгени квадраттан чыккан, квадраттын ичинде тамгалары бар бюллетендер чыкты. Биз жарактууларга тийбей, партияларга бөлдүк.

Саноо бүткөндөн кийин пачка-пачка болуп турган бюллетендерди СДПКнын өкүлү атайын кат менен кайрылып көрүп чыкты, ичинде туура эмес белгилер бар экен деп, "Өнүгүү-Прогресс" саясий партиясынын ошондой белгилеген бюллетендерин жараксыз деп табууну талап кылды. Андай бюллетендер бардык партияларда бар эле, себеби ал бюллетендер урнанын жарактуу бөлүгүнөн чыккан. Ал жерде мыйзамдын 36-березенин 11-пунктуна туура келген, шайлоочунун эрк билдирүүсү аныкталбаган бюллетендер жок эле.

Жарыш сөзгө комиссиянын секретары Б. Алдосова чыгып №2097 УШКнын төрагасынын жана мүчөлөрүнүн тастыктоочу документтери бар экенин айтты (2 акты жана бир түшүнүк кат). Ошондуктан, берилген арыз негизсиз деп эсептейм.

Сунушту АШКнын мүчөлөрү У. Маматов, К. Ташиева, Б. Кыргызбаев колдошту

АШКнын төрайымы сунушту колго салды.

Макул-8

Каршы-0

**Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясынын отуруму**

**Ч Е Ч И М К Ы Л А Т:**

1. СДПКнын ыйгарым укуктуу өкүлү Эрназаров Жеңиштин №2097 УШКнын добуштарды саноо учурундагы аракетине даттануусу негизсиз деп табылсын

Жалал-Абад аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы: Б.М.Турдубаева

ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

Катчы: Б.С.Алдосова